Бишкек шаары
2010-жылдын 8-декабры ПЖ N 300

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

## "Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматынын маселелери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2010-жылдын 15-январындагы Жарлыгына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

(КР Президентинин
2012-жылдын 25-январындагы ПЖ N 16 Жарлыгынын
редакциясына ылайык)

"KG" улуттук домен аталышын башкаруу боюнча функцияларды өркүндөтүү максатында токтом кылам:

1. (КР Президентинин 2012-жылдын 25-январындагы ПЖ N 16 Жарлыгына ылайык күчүн жоготту)

2. "Улуттук домендик аталыштар системасынын иштешин уюштуруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 7-апрелиндеги N 192 Жарлыгы күчүн жоготту деп табылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматына караштуу "KG" домендик аймагын башкаруу борбору" мамлекеттик мекемесин мыйзамда белгиленген тартипте жойсун;

КР 2010-жылдын 17-декабрындагы N 328 "Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматына караштуу "KG" домендик аймагын башкаруу борборун жоюу жөнүндө" токтому

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мурда кабыл алынган чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти Р.Отунбаева